## Улуу Британия жана Кыргызстан

Улуу Британия менен Кыргызстандын кызматташуу тууралу беттерине кош келиңиздер. Бул жерден сиздер эки жактык мамилелер, элчиликтин жана Эларалык өнүгүү департаментинин долбоордук иштери тууралуу маалыматтарды таба аласыздар.

### Саясий катнаштар.

Кыргызстандын көз карандысыздыгын Улуу Британия 1992 жылы үчтүн айынын 20-сында тааныган, ал эми дипломатиялык карым-катнаштар 1992 жылы 12 кулжада түзүлгөн. Казакстандагы Бириккен Падышалыктын баардык дипломаттарынын Кыргызстанда дагы акредитациясы бар жана алар туруктуу түрдө бул өлкөгө каттап турушат. Элчи Астанадагы элчиликте жайгашкан, ал эми Алматадагы консулдук офис визалык жана консулдук кызматтарды көрсөтүп турат. Бишкекте Улуу Британиянын Ардактуу консулдугу орун алган. Бириккен Падышалыктагы биринчи кыргыз элчи Лондонго 1997 жылы аяк оона айында келген.

Улуу Британиянын Тышкы иштер министрлигинин Кыргызстандагы каржылоосу адам укутарына жана демократияны түзүүгө багытталган. 2003 жылдан баштап долбоорлорду ишке ашыруу үчүн 790 миң фунт стерлинг жумшалган, анын ичинде түзөтүүчү системаны (түрмөлөрдү) реформалоо, өлүм жазасына тыу салуу, жараандык укуктарды өнүктүрүү жана массалык маалымат каражаттарын адистештирүү.

2006 жылы үчтүн айында Улуу Британия менен Кыргызстан коргонуу багытында өз ара түшүнүк куруу жана кызматташуу Меморандумуна кол коюшкан. Бул окуя кыргыз жагынан Улуу Британиянын коргонуу багытындагы берген жардамын эффективдүү түрдө колдоого негиз салды. Азыркы күндө коргонуу багытындагы биздин программа офицерлерге жана мамлекеттик эмес уюмдарга Улуу Британияда тренингдерди өткөзүү, тынчтык аскерлерине англис тилин окутуу жана согуш ыкмаларын тоодо жүргүзүүгө даярдык көрүү чараларын камтыйт. Тоо шарттарында согуш ыкмаларын жүргүзүүгө даярдык көрүү Кыргызстандын чек-араларынан баңги заттарын ташуусуна каршы, курал-жарактардын өтүүсүнө каршы багытталган.

### Өнүгүү багытында көмөктөшүү

Чет өлкөлүк жардам берүү программаларына жоопту Эларалык өнүгүү департаменти **(DFID)** британ өкмөтүнүн курамына карайт.

Өнөктүк өлкөлөргө кедейликти кыскартуу боюнча жардам берүү жана 2000 жылдын аяк оонасында ООНдун Миңжылдык Саммитинде макулдашылган миңжылдыктагы өнүгүү Максаттарына жетишүүсүн көздөй жылдыруу департаменттин максаты болуп саналат. Бул Максаттар дүйнөдөгү кедейлик менен ачкачылыктын деңгээлин эки эсе кыскартуудан баштап айлана-чөйрөнү коргоого чеин, ден соолукту жакшыртуу менен санитардык жана эпидемиялык сак-саламаттыктан баштап сабатсыздыкты жойуу жана аялдардын укугун сактоого чеин камтыйт.

DFID Борбордук Азияда 1992 жылдан баштап жигердүүлүк менен иш алып барууда. Казакстандагы кедейчиликтин кыскаруусуна жана

экономикалык өнүгүүдөгү жетишкен прогрессине себептүү ал бул өлкөдөгү өзүнүн ишин 2005 жылы аяктады. Азыркы күндө DFID өзүнүн иш аракеттерин Кыргызстан менен Тажикистанда топтоодо. Ал 2007 жылдын ичинде толугу менен бүкүл кызматын эки мамлекеттеги өлкөлүк офистерине өткөрүп берип, экижактык көмөк көрсөтүү программасынын жылдык көлөмүн ар бир өлкөгө 6 млн. фунт стерлингтен 2010 жылга чеин болжолу 10 млн. фунт стерлингкке дейре көбөйтмөкчү.

Кыргызстанда DFID дин иш-аракети адамдын иммунодефицит вирусу жана СПИД оорусунун алдын алуу жана күрөшүү программаларын колдоого багытталган. Ал башка донорлор менен бирдикте ведомстволук бюджеттик колдоо аркылуу Улуттук ден соолук стратегиясын ишке ашырууга жардам берүүдө. Ошону менен бирге ал айылдарды таза суу менен камсыз кылууда жардам көрсөтүп, бөлөк донорлор менен чоогу иштеп, бүкүл республикадагы айыл жерин арналган социалдык жана экономикалык проектилерди жүргүзгөн жергиликтүү коомдорду колдоодо. Ошондой эле DFID бюджеттик реформаны жана өкмөт ичиндеги отчет тартибин күчтөндүрүү программасын колдоодо. Ири аймактык ВИЧ/СПИД менен күрөшүү программасы зыянды басаңдатуу, калктын ооруга дуушар, алсыз катмарындагы жугуунун санын азайтуу боюнча колдоо көрсөтөт.

**Жогорку деңгээлдеги эки жактык карым-катнаштар**

**Улуу Британияга**

1995 жылдын бугу айында экс-президент Аскар Акаев Лондондо Согуш ардагерлер күнүнүн 50 жылдык салтанатына катышкан.

2001 жылыдын бирдин айында Парламент аралык Кеңешке конок катары Жогору Кеңештин экс-спикери Алтай Бөрүбаев Жогорку Кеңештин башка төрт депутаты менен чакырылган.

Улуттук Банктын төр агасынын мурунку орун басары Каныш Шаршекеева Улуу Британияда 2003 жылы жетинин айында болгон.

2005 жылы жалган куран айында Лондондо болуп өткөн EITI конференциясында мурунку вице-премьер Джоомарт Оторбаев сөзү менен чыгып сүйлөгөн.

Мурунку тышкы иштер министри Алибек Джекшенкулов 2006 жылдын үчтүн айы менен бирдин айы арасында лондондондук Ооганистан боюнча конференциясына катышкан.

Юстиция министри Марат Каипов ГУИНдин башкы директорунун орун басары жана Жогорку Кеңештин төрт мүчөсу менен ТИМ дин каржылоосу астында 2006 жылдын бештин айында Улуу Британияда болуп кеткен.

Кыргыздын парламент аралык кеңешинин (ПАК) делегациясы Улуу Британияда 2007 жылдын теке айында болгон. Бул делегация элдик палатанын төрагасы менен, британиялык ПАК тобунун президенти менен, тышкы иштер комитетинин төрагасы менен, Түндүк Ирландия Ассамблеясынын өкүлү менен жана Эл аралык өнүгүү департаментинин борбордук-азиялык тобу менен кезикти. Жана ошондой эле ПАК делегациясы «Премьер министрге суроолор маалы» аттуу программага назар

салышып, аны менен бирге Дүйнөлүк БиБиСи кызматынын офисинде болушту.

**Улуу Британиядан**

Улуу даражалуу Үэлс канзадасы 1996 жылы жетинин айында Бишкекте болгон.

Мурунку тышкы иштер министри (ТИМ) Джойс Квин Кыргызстанга 1998 жылы тогуздун айында келип кеткен.

Эл аралык өнүктүрүү министри болгон кезинде Крис Муллин 2001 жылы бирдин айында Бишкекте болуп кеткен.

Эл аралык өнүктүрүү департаментинин катчысы кезинде Клэр Шорт 2003 жылдын бугу айында Ошко келген.

Жогорку Кеңештин төрагасы жана Кыргыз парламент тобунун чакыруусу менен Улуу Британиянын Парламенттик делегациясы өлкөдө 2003 жылы аяк оона айында болгон.

2007 жылы чын куранда ТИМдеги Ислам дүйнөсү менен иш алып баруучу топ (ИДИТ) Бишкекте өткөн «Борбордук Азиядагы Ислам» аттуу семинарды каржылаган. Бул семинар Кыргыз диний иштер кеңешинин жана илимпоздордун катышуусу менен аймактагы Улуу Британиянын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү үчүн уюштурулган.

Лейбористер партиясынан Лорд Хауорс менен Рэчел Кауберн 2007 жылы чын куранда Кыргызстанда болушкан. Сапарынын максаты Кыргызстандагы саясий акыбалга баа берүү жана Демократияны өнүктүрүүчү Вестминистер фонду аркылуу каржылоо мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу болгон.

**Улуу Британия өкмөтүнүн Кыргызстандагы ишмердиги**

Бириккен Падышалыктын жардамынын көпчүлүгү Бишкектеги Эл аралык өнүгүү департаментинин эки жактык программасы аркылуу келип турат. Эки жактык программанын болуп жаткан каржылоосунун жылдык орточо эсеби 14 миллион долларды түзөт. Эл аралык өнүгүү департаменти (ЭӨД) Дүйнөлүк банк, Азиялык өнүгүү банкы, Швейцария Өкмотү жана ПРООН менен чоогу Биргелешкен өлкөлүк колдоо стратегиясын иштеп чыкты. Ал Өлкөлүк өнүгүү стратегиясын эффективдүү түрдө ишке ашырууга жана жардам берүүгө багытталган.

ЭӨДнын Кыргызстан Республикасындагы ири Программалары жана проектилери:

- Кыргызстан жараандарына баш ийүүсү жогорулатылган өнүккөн бюджеттөө процессин түзүү;
- калктын жогорку сапаттагы медициналык кызматтарга кайрылуу шарттаарын түзүү жана ооруу деңгээли менен өлүмдү азайтуу максаттарына жетүү учун улуттук ден-соолукту сактоо системасын реформалоосуна жардам көрсөтүү;
- айыл калкын ичүүгө жарай турган таза суу менен камсыздоо;
- жергиликтүү элдин колу астындагы Өнүгүү маселесинде иштеп жаткан Айылдык инвестициялык проектисин колдоо жана кучагын кеңейтүү;

- инъекциялык баңги заттарын колдонуу сыяктуу коркунучтуу жүрүм-турумдан пайда болуучу инфекцияларды жана ВИЧти жугтуруучу адамдардын санын азайтуу.

Улуу Британиянын Тышкы иштер министрлигинин Кыргызстандагы каржылоосу адам укуктары жана демократияны түзүүгө багытталган. ТИМ дин проектилери Кыргызстанга расмий түрдө өлүм жазасына тыюу салуу жана анын ордуна башка чараларды колдонуу боюнча мыйзамдарды кабыл алууда техникалык жардам көрсөтүү; Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан чек-аралык райондордогу жарандык коом менен жергиликтүү бийлик арасындагы диалогту колдоо; парламентаризм жана конфликтерди чечүү маселелерин чагылдыруу боючна журналистердин адистик билимин жогорулатуу жана башка проектилер. Ошону менен бирге Элчилик проектилерди ишке ашыруучу жана стратегиялык максаттарга жооп берүүчү сапарларды уюштурат жана каржылайт.

2006 жылы үчтүн айында Улуу Британия менен Кыргызстан коргонуу жагынан өз ара түшүнүк куруу жана кызматташуу Меморандумуна кол коюшкан. Бул окуя кыргыз жагынан Улуу Британиянын коргонуу багытындагы берген жардамын эффективдүү түрдө колдоого негиз салды. Азыркы күндө коргонуу багытындагы биздин программа офицерлерге жана мамлекеттик эмес уюмдарга Улуу Британияда тренингдерди өткөзүү, тынчтык аскерлерине англис тилин окутуу жана согуш ыкмаларын тоодо жүргүзүүгө даярдык көрүү чараларын камтыйт. Тоо шарттарында согуш ыкмаларын жүргүзүүгө даярдык көрүү Кыргызстандын чек-араларынан баңги заттарын ташуусуна каршы, курал-жарактардын өтүүсүнө каршы багытталган.

2007 жылдын баш оона айынын 2 синен Бириккен Падышалыка виза алууга өтүнүч берүү процесси өзгөрдү. Өтүнүчтөрдү баалоо жана иштетүү менен алек болуучу биздин башкы офисибиз Алматада Британиялык консулстводо жайгашкан. Бирок өтүнүчтү тапшыруу үчүн сизге, же сиздин атыңыздан иш жүргүзгөн адамга эми Алматадагы Улуу Британияга визага өтүнүч берүү борборуна келүү керек.

**Британдык Кеңеш** Алматада жайгашкан, бирок Кыргызстанда долбоорлорду ишке ашырат. Мултимедиялык каражаттарды колдонуу менен окуу курстарында жана өз алдынча сабактарда офицерлерге жана курсанттарга англис тил боюнча билим деңгээлин жогорулатууга жардам берүү үчүн «Тынчтык аскерлери үчүн англис тили» долбоорунун алкагында Британдык Кеңеш өз алдынча англис тил үйрөнүүчү борборлорду Бишкек согуш академиясында, Ош жана Бишкек университеттеринде ачты. Кыргызстандын эки студенти бул окуу жылы Чивнинг стипендиясы аркылуу окушат. Британдык Кеңеш Бишкекте Джон Смит стипендиялык программасын ишке ашырууда. 2005-2007 жылдары ушул программа боюнча жети стипендия алуучулар окуудан өтүштү.

Улуу Британия коммерциалык сектордо өзүнүн жигердүү катышуусун улантууда. Ийгиликтүү британ-кыргыз кызматташтык боюнча туризм

алкагында Ыссык-Көлдүн тегерегиндеги туризм тармагына болгон британдык инвестициялар сыяктуу бир нече мисалдарды клетирүүгө болот. 2007 жылы Чолпон-Атада британдык катышуу менен жаңы отель ачылды.

Долбоорлор жана каржылоо

Британ элчилигинин вазийпасы – бул кеңири британ кызыкчылыктарына жооп берүүчү Кыргызстандын коркунучсуз, гүлдөгөн жана адилет коомго айланышы, жана бул иште Улуу Британиянын ролун күчөтүүгө өбөлгө түзүү. Мындай вазийпага жетүү үчүн долбоорлорду ишке ашырууда Элчилик приоритеттеттик жактардын негизги багыттарын аныктады:

- **Адам укуктары жана натыйжалуу башкаруу** – бир жагынан адам укуктарын коргоо жана урматтоо, мыйзамдын жана демократиялык нормалардын үстөмдүлүгү, экинчи жагынан – экономикалык өркүндөө жана илгерилөө;
- **Баңги заттарынын таркашына жана радикализмге каршылык көрсөтүү** – ушул жана ушу менен байланышкан маселелердин (мислаы, ВИЧ/СПИД) ары карай күчөшүн токтотуу жана региондодун бир-бирин шайкеш иштешин жакшыртууга жардам берүү.

Кошумча маалымат алуу үчүн байланышыңыз:

**Джеки Кэролл**, Үчүнчү катчы (саясий суроолор боюнча): +7 7172 556229

**Лейла Йылдыз**, долбоордук менеджер: +7 7172 556230

Электрондук почта: britishembassy@mail.online.kz

DFID Кыргызстанда

Эларалык өнүгүү департаменти (DFID) британ өкмөтүнүн курамына карайт жана чет өлкөлүк жардам берүү программаларына жоопту. Өнөктүк өлкөлөргө кедейликти кыскартуу боюнча жардам берүү жана 2000 жылдын аяк оонасында ООНдун Миңжылдык Саммитинде макулдашылган миңжылдыктагы өнүгүү Максаттарына жетишүүсүн көздөй жылдыруу департаменттин максаты болуп саналат. Бул Максаттардын түрү дүйнөдөгү кедейлик менен ачкачылыктын деңгээлин эки эсе кыскартуудан баштап айлана-чөйрөнү коргоого чеин, ден соолукту жакшыртуу менен санитардык жана эпидемиялык сак-саламаттыктан баштап сабатсыздыкты жойуу жана аялдардын укугун сактоого чеин камтыйт.

DFID Борбордук Азияда 1992 жылдан баштап жигердүүлүк менен иш алып барууда. Казакстандагы кедейчиликтин кыскаруусуна жана экономикалык өнүгүүдөгү жетишкен прогрессине себептүү ал бул өлкөдөгү өзүнүн ишин 2005 жылы аяктады. Азыркы күндө DFID өзүнүн иш аракеттерин Кыргызстан менен Тажикистанда топтоодо.

Кыргызстанда DFID дин иш-аракети адамдын иммунодефицит вирусу жана СПИД оорусунун алдын алуу жана күрөшүү программаларын колдоого багытталган. Ал башка донорлор менен бирдикте ведомстволук бюджеттик

колдоо аркылуу Улуттук ден соолук стратегиясын ишке ашырууга жардам берүүдө. Ошону менен бирге ал айылдарды таза суу менен камсыз кылууда жардам көрсөтүп бөлөк донорлор менен чоогу иштеп, бүкүл республикадагы айыл жерине арналган социалдык жана экономикалык долбоорлорду жүргүзгөн коомдорду колдоодо. Ошондой эле DFID бюджеттик реформаны жана өкмөт ичиндеги отчет тартибин күчтөндүрүү программасын колдоодо. Ири аймактык ВИЧ/СПИД менен күрөшүү программасы зыянды басаңдатуу, калктын ооруга дуушар, алсыз катмарындагы жугуунун санын азайтуу боюнча колдоо көрсөтөт. Бишкектеги DFIDдин өкүлчүлүк офиси Бириккен Падышалыктын Кыргыз Республикасына техникалык жардам көрсөтүү программасын башкарат. Улуу Британиянын техникалык жардам көрсөтүү программасы Лондондон адистик кеңешчилер тобунун колдоосу аркылуу DFID дин Чыгыш Европа жана Борбордук Азия Департаменти (EECAD) менен камсызданат.

**Адрес:** Манасчы Сагынбай көчөсү 215, Бишкек, 720040 Кыргыз Республикасы, тел., (996-312) 69 02 32, факс: (996-312) 69 02 31

**Тийиштүү киши: Анара Аширалиева**

Адрестер жана телефондор

**БИШКЕКТЕГИ АРДАКТУУ КОНСУЛ**

Майк Атсопартис, Ардактуу Консул, Ибраимова көчөсү 115, 2 этаж, Бишкек 720040 Тел: (+996) 312-637686 же 637687. Моб: (+996) 555-584245, E-mail: **Gbhoncon@mail.kg**

Астанадагы Улуу Британиянын Элчилиги

Пол Браммелл, Улуу Британия Элчиси

Астана ш. 010000, Космонавтов көч. 62, «Ренко» имараты 6 этаж, Телефон: +7 (7172) 556200, Факс: +7 (7172) 556221, E-mail: **britishembassy@mail.online.kz**

**АЛМАТЫДАГЫ УЛУУ БРИТАНИЯ ЭЛЧИЛИГИНИН ОФИСИ**

Консул Барри Бобин-Мартин,

Алмата ш. Самал-2 кичи району, Жолдасбекова көч. 97, Самал Тауэрс, A2 Блогу, 9-этаж. Телефон +7 (727) 2506191/2; +7 573 1502200, Факс: +7 (727) 2507962; +7 (727) 2507112; +7 573 1502212, E-mail: **AlmatyVisaGeneral@fco.gov.uk**

**БИШКЕКТЕГИ DFID ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ**

Офистин башкармасынын милдетин аткаруучу Артур Ван Дайсен, Манасчы Сагынбай көчөсү 215, Бишкек, 720010, Тел: 8 10 996 312 69 02 32 Факс: 8 10 996 312 69 02 31